## Мунай рыногу

**Мунай рыногундагы учурдагы абал**

2013-жылдын 18-январынан 2013-жылдын 18-февралына чейинки мезгил ичинде мунай рыногуна мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө, негизги сорттorго (Urals, Brent, WTI) баа, баррелине 95,1 -120,1 АКШ доллар диапазонунда өзгөрүп турган.

Мунайга орточо баанын өзгөрүүсү:

| *Мезгилге карата орточо эсеп менен* | Urals | | Brent | | WTI | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **баа,** *USD / баррель* | **өзгөрүү,** *өткөн мезгилге % менен* | **баа,** *USD / баррель* | **өзгөрүү,** *өткөн мезгилге % менен* | **баа,** *USD / баррель* | **өзгөрүү,** *өткөн мезгилге % менен* |
| 18.12.2012-18.01.2013 | 110,6 | 101,5 | 112,5 | 101,8 | 92,1 | 106,2 |
| 18.01.2013-18.02.2013 | 115,3 | 104,2 | 117,0 | 104,0 | 96,4 | 104,7 |

***Источник:*** *ИА «Блумберг»*




2013-жылдын январь айынан февраль айына чейинки мезгил ичинде мунайга орточо баа көбөйүүгө ыктоо тенденциясын сактап алган.

Мунайга дүйнөлүк баа динамикасына кароого алынып жаткан мезгилдин баш жагынан тартып төмөнкүдөй негизги жагдайлар таасирин тийгизген:

- *Кытайда жана АКШдагы макростатистика.* Кытайдын жана АКШнын негизги макрокөрсөткүчтөрү боюнча алынган маалыматтар өсүш тенденциясын аныктаган. Ушул өлкөлөрдүн кароого алынып жактан мезгилде кайра иштетүү өндүрүшүнүн ишкердик жигеринин индекси экономикалык жигердүүлүктүн өсүшүнөн улам жогорулагандыгын көрсөтүп, бул кийинчерээк мунайга бааны колдогон.
- *АКШнын мамлекеттик карызына тиешелүү жагдай.* АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасы мамлекеттик карыз боюнча карыз алуу көлөмүнүн чегине көбөйтүүнү караган түзөтүүлөр топтомун жактырган. Булар бюджет тартыштыгынын ордун жабуу максатында карыз алууга мүмкүнчүлүк түзөт.
- *Жакыны Чыгыштагы жагдай.* Региондогу саясый абалдын туруксуздугунун уланышы мунай рыногуна кошумча колдоого алган, бул жагдай региондон мунайлардын берилишинде үзгүлтүктөрдүн келип чыгышын шарттаган. Сириядагы кооптуу абал, ошондой эле Сириянын

Египет жана Иран мамлекеттери менен мамилесиндеги көйгөйлөр мунайга дүйнөлүк баа динамикасына да таасирин тийгизген.

**Кыска жана орто перспективаларга прогноздор**

***ОПЭК***

ОПЭК 2013-жылы мунайды дүйнөлүк керектөөнүн өсүшүн болжолдогон. Ал экономикалардын калыбына келиши белгилерин эске алуу менен мына ушундай жыйынтыкка келген. ОПЭКтин ар айлык докладында өтүп жаткан жылы керектөөнүн өсүшү суткасына 840 миң барр. чегинде бааланган, бул өткөн айдагыга караганда 80 миң барр. жогору. Январь айында мунай өндүрүп алуу суткасына 21 миң барр. төмөндөп, картель белгиленген 30 млн. лимит шартында 30,32 млн.го чейин төмөндөгөн. ОПЭКтин ири импортерунан болгон Сауд Аравиясы январь айында анын бир күндө өндүрүп алуусу, 2012-жылдын декабрь айындагы 9,025млнго салыштырганда, 9,05 млн.ду түзгөндүгүн маалымдаган.

***ЭЭА***

Эл аралык энергетика агенттигинин (МЭА) эксперттери дүйнөлүк экономиканын 2013-жылы мунайды жана мунай заттарын керектөөсүнүн өсө тургандыгы тууралуу өз болжолдоолорун кайра карап чыккан. Болжолдоолор өткөн айга салыштырганда, суткасына 90 миң барр. – суткасына 90,7 млн. барр. чейин кыскарткан.

Бул агенттиктин баа берүүлөрү боюнча 2012-жылдагыга салыштырганда, быйылкы жылы дүйнөдө мунайга болгон талап күнүнө 840 миң барр. көбөйөт. Буга Кытай жан АКШ доллары экономикасындагы абалдын жалпы жакшыруусу өбөлгө түзөт. Ошондой болсо да, алгылыксыз макроэкономикалык көрсөткүчтөр агенттиктин докладында белгиленгендей эле, мунайды жана туунду энергия продукцияларды керектөөнүн өсүшүнө кедергисин тийгизет. Агенттиктин пикири боюнча ОПЭКтен тышкары мунайды өндүрүү суткасына 980 миң барр. – суткасына 54,3 млн. барр. чейин өсөт.

2013-жылдын 1-чейрегинде дүйнөдө мунайды баштапкы кайра иштетүү январь айында АКШдагы мунай иштетүүчү заводдордо жабдууларды башка нукка буруу боюнча сезондук иштердин башталышынан улам, кыскара тургандыгы күтүлүүдө. Ошондой болсо да, Кытайдагы мунайды кайра иштетүүчү заводдордогу сезондук регламент АКШдагыга караганда кечирээк башталгандыктан, Азия өлкөлөрүндө мунайды баштапкы кайра иштетүү 1-чейректе артат.

***Казахстан***

“Казинформ” маалыматтык агенттигинин маалыматтары боюнча Казакстан Кытай менен чектешкен жерде мунай өткөрүүчү түтүктөрдү куруу мүмкүнчүлүгүн караштырып жаткандыгы маалым болгон. Бул иш ушул өлкөдөн КММны толлингдик берүүлөрдү (чет өлкөдөн алынып келген чийки заттарды кийинчерээк даяр продукцияны ташып кетүү менен иштеп чыгуу) арттыруу үчүн каралган. Казакстан Республикасынын мунай жана газ министринин пикири боюнча, учурда Кытай-казакстан чек арасында мунай өткөргүч түтүктөрүн куруу аркылуу өткөрмө жөндөмдүүлүгүн арттыруу маселеси иштелип чыгууда. Пландаштырылып жаткан курулуш иши мунай заттарын кайра иштетүүчү 3 ири заводду реконструкциялоону аягына чыгарууга чейин колдонулаары болжолдонууда. Бул долбоор 2015-жылга чейин узартылат. Анткени ушул мезгилде Казакстан Республикасы өзүн-өзү камсыздоого толук өтө албайт. Ошону менен бирге эле ал, 2013-

жылдын 1-жарым жылдыгынын акырына чейин мунайды жана газды өз ара берүүлөр маселеси боюнча Россия тарап менен сүйлөшүүлөрдү аяктоону тапшырган.

"Коммерсант" газетасынын маалымат боюнча жогорула аталган министрлик Россиядан мунай заттарын импорттоону токтотуу тууралуу Өкмөтүнүн токтомунун 2 вариантын даярдаган. Анын биринчисинде сөз, жогорку сорттогу бензинди жана дизель отунун импорттоого жарым жылга толук тыюу салуу жөнүндө жүргөн болсо, экинчисинде, ошол эле мөөнөткө ага сандык чектөө киргизүү жөнүндө жүргөн. Документтер "Казмунайгазга" Россиядан мунай заттарын ташып кетүү операторунун статусун бекемдөөнү болжолдойт. Өкмөт ошондой эле "Самрук-Казына" жана "Казмунайгаз" улуттук фондуларынын ушул токтомдун аткарылышы шартында, алгылыксыз финансылык натыйжанын келип чыгышы мүмкүндүгүн сэке алуу менен зарыл чараларды көрүүнү сунуштаган.

2012-жылы "Бейнеу-Шымкент" газ өткөргүчүн куруу пландаштырылган, бул Казакстандын түштүк регионун көгүлтүр отун менен камсыз кылууга өбөлгө түзүп, мында импорттон көз карандылыкты төмөндөтөт.

Мындан тышкары, 2013-жылдын апрель айында эле түндүк жана борбордук региондорду газ менен камсыз кылуу долбоорун ишке ашыруу башталууга тийиш. Казакстандын мунай жана газ маселелерин чечкен министринин маалымат боюнча Казакстан Американын "Коноко Филлипс" компаниясынын "N" блогундагы үлүшүн 32 млн. долларга сатып алган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде казакстандын мунай зат рыногунда Павлодар жана Чимкенттеги ири заводдордун реконструкцияланып жатышынан улам, бир аз тартыштыктын орун алгандыгы байкалган (бул багытта иш 2016-жылга чейин узартылат).

***Орусия***

2013-жылдын 18-январына карата баага салыштырмалуу, 2013-жылдын 18-февралына карата абал боюнча бензин жана дизель отунуна Россиядагы чекене баанын өзгөрүүсү боюнча баалар жана маалыматтар.

| | **28.01.2013** | **11.02.2013** | **Өзгөрүү, % (+/-)** |
|---|---|---|---|
| | *баасы, орус рубли* | *баасы, орус рубли* | *өткөн каттоого карста* |
| **1.Автоунаа бензини** | **29,09** | **29,32** | **+0,8** |
| *анын ичинде*: | | | |
| АИ-80 маркасы | **26,70** | **26,78** | **+0,3** |
| АИ-92 маркасы | **28,26** | **28,43** | **+0,6** |
| АИ-95 маркасы жана андан жогору | **30,98** | **31,10** | **+0,4** |
| **2.Дизел отуну** | **31,40** | **31,49** | **+0,3** |

***Булагы:*** *РФ мамлекеттик статистикасынын федералдык кызматы*

Россия Федерациясынын мамлекеттик статистика боюнча федералдык кызматынын маалыматтарына ылайык, 2013-жылдын 11-февралына карата абал боюнча бензинге орточо керектөө баасы, 2012-жылдын январь айынын акырына салыштырганда 0,8 пайызга, ал эми дизель отунуна 0,3 пайызга көбөйгөн. Бензинге жана дизель отунуна баанын жогорулашы Россияда жыл башынан тартып акциздердин пландык көбөйтүлүшү, инфляция жана рынок коньюнктурасы менен

түшүндүрүлөт. Аналитиктердин пикири боюнча отунга баа жумасына болжол менен бир нече тыйынга өсүшүн улантып, “евро-2” өндүрүшүнө тыюу салынгандыгына карабастан, рынокто тартыштык орун албайт. Ошондой эле баанын жогорулоосу 2012-жылдагы бензинге майда-дүң баага таасирин тийгизе берет.

Россиянын монополияга каршы федералдык кызматынын билдирүүсү боюнча кароого алынып жаткан мезгил ичинде бензинге баанын өсүшү инфляция чегинде калуу менен бул кызматтын контролдугунда турат. анын пикири боюнча, ведомство отун резервин оперативдүү түрдө ишке тартуу мүмкүнчүлүгүн талкуулап жатат. Бул мамлекеттик резерв запасы сыяктуу эле, мунай компанияларынын өзүнө да тиешелүү болот. Мындай механизм рынокто тиешелүү интервенцияларды ишке ашырууга да мүмкүндүк берет.

“Российская газета” басылмасынын маалыматтарына ылайык, Россиянын ири мунай компанияларынын жетекчилери өкмөткө бензинге убактылуу алымды 90 пайыз өлчөмүнө төмөндөтүү жана мурдагы чийки мунайдан алым ченинен 66 пайыздык өлчөмдөгү ченди кайтарып берүү өтүнүчү менен кайрылышкан. Эгерде, бул ишке ашырылбаса, анда узак мөөнөтүү келечекте өлкө ичинде бензинге тартыштык пайда болот. Анткени инвесторлор үчүн жаңы кубаттуулуктарды өздөштүрүүгө каражат салуу пайдасыз. Бирок, Россиянын отун бирлигинин директорунун пикири боюнча мындай алымдан баш тартуу рынокто суроо-талп менен сунуштун балансташуусу шартында гана мүмкүн. Азырынча, мындай жагдай Россия рыногунда байкала элек. Россия Федерациясынын энергопродукциялары министрлигинин башчысынын пикири боюнча алымдар милдеттүү түрдө төмөндөтүлүүгө тийиш, бирок муну 2015-жылдан мурда ишке ашыруу мүмкүн эмес.

“РБК” МА билдирүүсүнө ылайык, бажылык-тарифтик жөнгө салуу мыйзамында белгиленген алдын ала формулалык эсептөөлөр боюнча чийки мунайга экспорттук алым 2013-жылдын 1-мартына тартып 4,3 пайызга – тоннасына 420,6 АКШ долларына чейин өсүшү ыктымал.

***Кыргызстан***

2013-жылдын январь айынын бааларына салыштырмалуу 2013-жылдын февраль айы үчүн бензин жана дизель отунунун орточо чекене бааларынын өзгөрүшү боюнча баалар жана маалыматтар.

| Шаарлар | **АИ-95** | | **АИ-92** | | **ДТ** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү, % (+/-)** | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү % (+/-)** | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү % (+/-)** |
| Бишкек | 41,88 | -0,68 | 38,71 | -0,96 | 39,60 | 0,00 |
| Каракол | 41,40 | +1,67 | 37,93 | -0,36 | 39,14 | +0,21 |
| Джалал-Абад | 43,96 | -0,57 | 40,87 | -0,81 | 41,87 | 0,00 |
| Нарын | 41,60 | -0,64 | 38,67 | -0,62 | 40,00 | 0,00 |
| Баткен | - | - | 41,55 | -0,40 | 43,45 | -0,28 |
| Ош | 42,78 | -0,67 | 40,44 | -1,25 | 41,28 | -1,07 |
| Талас | 41,40 | -0,72 | 37,40 | -0,87 | 36,72 | -0,30 |
| Токмок | 41,40 | -0,84 | 38,40 | -0,74 | 38,84 | -0,53 |
| Кара-Балта | - | - | 39,01 | -0,87 | 39,1 | +0,12 |
| Республика боюнча орточо | **41,88** | **-0,55** | **39,19** | **-0,92** | **40,07** | **-0,18** |

***Булак:****Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети.*
*«–» -товардын жок болушу*

Кыргызстанда бензинге (АИ-92 и АИ-95) 2013-жылдын 18-февралына карата абал боюнча орточо баа, 2012-жылдагы орточо баага салыштырганда 81 тыйынга арзандоо менен ушул эле жылдын январь айындагы баага караганда 36 тыйынга төмөндөгөн. Ал эми республика боюнча дизель отунуна баа январь айындагы баага салыштырганда 7 тыйынга бир аз төмөндөө жагына өзгөргөн, мында 2012-жылдагы баага салыштырганда дээрлик өзгөргөн (+4 тыйын) эмес.

Кыргызстан мунайтрейдерлер Ассоциациясынын президенти Ж.Акенеев мырзанын айтымында, өлкөдө мунайтрейдерлери 2013-жылга 80 миң тоннадан ашык КММ менен киришкен, бул кыш айларында өлкөдө КММны керектөөнүн дээрлик бир жарым айлык нормасын түзөт. Отундун жетиштүү көлөмдө болушу жазгы талаа жумуштарында техниканын үзгүлтүксүз иштешине өбөлгө түзөт. Ушул максатта Айыл-чарба жана мелиорация министрлиги менен мунай трейдерлери кызматташуу келишимине кол коюшту.

Кыргыз Республикасынын Айыл-чарба жана мелиорация министрлигинин билдирүүсү боюнча Кыргызстанда 2013-жылы жазгы-талаа иштери үчүн 41,2 миң тонна дизель отуну талап кылынат. Мунай трейдерлери менен сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө бул жылы айдоо иштери мурдагыдан эртерээк – февралда эле башталат (Баткен областында) деп белгиленген. Ал эми март-апрель айында айдап-себүү иштери күчөсө, бул иш республиканын бийик тоолуу райондорунда май айында башталат.

Экономика министрлигинин маалыматтары боюнча мунай өндүрүүчү жети компанияда мунайдын запасы 11,6 млн тоннаны, газдын запасы газ чыгаруучу үч компанияда— 4,9 млрд тоннаны түзөт. Мындай маалыматтар "Евразия Экономикасы" эл аралык конференциясында берилген.

Экономика министрлигинин билдирүүсү боюнча монополияга каршы ведомство КММ берүүчүлөрдөн жазгы талаа иштери учурунда дизель отунунун баасын фермерлер үчүн төмөндөтүүнү сураnууда. Мурда мунайтрейдерлери менен айыл-чарба өндүрүүчүлөрүнүн отунду дүң баада алуусу жагында иш жүргүзүлүүчү. Эгерде, айыл чарба өндүрүүчүлөрү КММны май куючу станциялардан көбүрөөк көлөмдө (дүңүнөн) сатып алышса, анда алар түзүлгөн келишимге ылайык тиешелүү карттарды колдоно алышат.

Кыргызстан мунайтрейдерлеринин Ассоциациясынын президенти Ж.Акенеев мырзанын сөзү боюнча, Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдүн киргизилгендигине байланыштуу, мунайтрейдерлери КММга бааны кескин жогорулатууга аргасыз болушууда. Анын айтымында, Салык кодексине 2012-жылдын октябрында эле өзгөртүүлөр киргизилсе, мыйзам 2013-жылдын 1-январынан тартып күчүнө киргизилген. Белгиленгендей эле, Салык кодексине киргизилген өзгөртүүлөр кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө жана туризмге, ошондой эле соода-сатык иштерине байланыштуу болгондордун бардыгына кесепетин тийгизмекчи. Ж. Акенеев мырзанын пикири боюнча тартыштыкты башынан кечирип жаткан Кыргызстан бюджетин толтуруу зарыл, бирок башка ыкмалар менен. Анын ою боюнча, көмүскө экономиканы ачыкка чыгуу зарыл. Антпесе, бул Кыргыз Республикасына КММнын түшүшүнүн туруксуздугуна алып келиши жана анын өздүк наркына таасирин тийгизиши мүмкүн. Көптөгөн компаниялар өз май куючу жайларын жабышы да ыктымал.

**Жараталыш газ**

***Кыргызстан***

“Кыргызгаз” ААКсынын билдирүүсү боюнча, газ берүүчүлөр карыздын көптүгүнөн улам, газды берүүгө кайрадан чектөөлөрдү киргизүүнү болжошууда. Казакстанга болгон карыз 5,0 млн. АКШ долларын, Өзбекстанга - 409,0 миң. АКШ долларын түзөт.

“Кыргызгаз” ААКсынын маалыматы боюнча, Кыргызстан “КазТрансГазом” жана “УзТрансГазом” газ берүүчүлөрү менен республиканын түндүгүнө күндөлүк 224 АКШ/т доллары өлчөмүндөгү жана республиканын түштүгүнө 290 долл.АКШ/т өлчөмүндө мурдагы бааларды 2013-жылдын аягына чейин сактап калуу жөнүндө келишим түзүшкөн.

**Электроэнергия**

***Кыргызстан***

Каралып жаткан мезгил ичинде электр энергиясын керектөө өсүшүн улантууда, бул мезгилдик фактор менен шартталган жана ошондой эле айрым аймактарда жана Бишкек шаарында убактылуу электр энергиясын өчүрүүлөр болгон.

“24.kg” маалымат агенттигинин билдирүүсү боюнча, Кыргызстандын энергиялык коопсуздугу боюнча тегерек стол маектеринде, “Түндүкэлектро” ААКсынын Директорлор кеңешинин мүчөсү эгерде бөлүштүрүүчү компанияларды бириктирсе, анда электр энергиясы боюнча жоготуулар 12 пайызга кыскара тургандыгын билдирген. Өзгөртүп түзүүдөн кийин республиканын электр энергиялык коопсуздугу жакшырат, ал эми санкцияланбаган тандоо четтетилет. Ведомство аралык комиссия системаны оптималдаштыруу жагын карап чыгууга тийиш.

Россия Федерациясынын Федералдык бажы кызматынын башчысынын билдирүүсүнө караганда, Камбар-Ата ГЭС-1 жана Жогорку Нарын каскады ГЭСи долбоорлору изилдөө баскычында турууда. Ал республика үчүн энергия кубаттуулугун көбөйтүүдөн тышкары, өлкөнүн экспорттук потенциалы бар экендигин, мындан ары мындан да арбын болоорун, ошондой эле жумуш орундары да көбөйөөрүн белгиледи.

2013-жылдын 18-февралына карата абал боюнча Токтогул суу сактагычында суунун көлөмү 2012-жылга салыштырмалуу 15,4 пайызга төмөндөө менен 12,6 млрд. кубометрди түзгөн.

**График 1:** Urals 01.01.2010 – 18.02.2013




**График 2:** Brent 01.01.2010 – 18.02.2013




**График 3:** WTI 01.01.2010 – 18.02.2013




**График 4:** Urals 18.01.2013 – 18.02.2013




**График 5:** Brent 18.01.2013 – 18.02.2013




**График 6:** WTI 18.01.2013 – 18.02.2013

